УДК: 378.147:373.314

Алымбаева Б.Б.
*Педагогика жана профессионалдык билим берүү лабораториясы г. Бишкек*

# КЫЗ БАЛАНЫН ТААЛИМ-ТАРБИЯСЫНА МАКАЛ-ЛАКАПТАРДЫН ТААСИРЛҮҮЛҮГҮ

*Кыргыз үй-бүлөсү кыз баланын таалим-тарбиясына өзгөчө көңүл бурушкандыктан, кыз баланы психологиялык жана физиологиялык, жаш курактык жана индивидуалдык өзгөчөлүктөр менен өсүп жетилишине, эң негизги кызматы катары эмгекке тарбиялоого, адамдык аң-сезимин, мүнөзүн калыптандырып, акыл-эсин өстүрүүгө, ден соолугун чыңдоого, ошондой эле салттык ыкмалар болгон жаратылыш, оюн, сөз, баарлашуу, түшүндүрүү, жумуш кылуу ж.б. процесстер менен тарбиялоону дагы карашкан. Элдик педагогикада кыргыз эли аялзатынын, өзгөчө, үй-бүлөдө кыз баланын ордуна көңүл буруп, баса белгилешкен.*

***Негизги сөздөр:*** *этнопедагогика, таалим-тарбия, үй-бүлө, коомдук статус, баланы тарбиялоо, адептик нормалар, этномаданият, педагогикалык ойлор.*

*В данной статье рассматривается проблема семейного воспитания девочек на основе психологических и физиологических особенностей возраста. Авторы отмечают, что во все времена в любом обществе привитие нравственно-духовных ценностей на основе этнопедагогики подрастающему поколению являлось основополагающим фундаментом. Авторы считают, что воспитание девочек является основной задачей родителей, которая состоит в уважении семейных традиций, обычаев и нравов кыргызского народа.*

***Ключевые слова:*** *этнопедагогика, воспитание, семья, общественный статус, воспитание ребёнка, нормы воспитанности, этнокультура, педагогические мысли.*

*This article deals with the problem of family education of girls based on psychological and physiological features of age.The authors note that at all times in any society the inculcation of moral and spiritual values based on ethno- pedagogy to the younger generation was the fundamental foundation. The authors believe that the education of girls is the main task of parents, which means respect family traditions and customs, and customs of the Kyrgyz people.*

***Key words:*** *ethno-pedagogy, care, family, social status, child care, moral ethics, ethnicculture, pedagogical ideas,*

Элибиз эзелтеден аялзатын ардактап келет. Өзгөчө, кыз балага аяр, жылуу мамиледе болууга тарбиялашкан. Кылымдарды карыткан улуу кыргыз тарыхында элибиздин аялзатына, өзгөчө, кызга жасаган мамилеси башка элдерге мактанаарлык жана даңазаланууга татыктуу.

Макал – адамдардын философиялык ойлорун жыйынтыктап, алардын турмуш тажрыйбаларынан алынган, тарбиялоо максатында колдонулган фольклордук чыгарма экенин билебиз. Макал Мекенге, ата-энеге, айлана-чөйрөгө, жаратылышка болгон патриоттук сезимди козгоп, адамдардын ой-жүгүртүүсүн калыптандырат жана тарбиялайт.

Макал адам турмушунан алынган, аны чагылдырган нускалуу кеп дебедикпи. Түзүлүшү жагынан эң жөнөкөй жана кыска болгону менен, мааниси татаал жана терең. Ата-бабаларыбыз кыска, так жана таамай сүйлөп, урпактарын таасирдүү тарбиялап келишкен. Алсак, кыз баланы жалгыз эле энеси эмес, бүтүндөй бир айыл, бүтүндөй бир эл тарбиялаган.

***“Сүйүнчү, кырк жылкылуу болдуң!”.*** Кыргыз эли аялдын боюнда болору менен анын талгак болгонуна карап, көргөн түшүнө жараша кыз же уул экендигин жорушкан. Уулду тукум улантат деп сүйүнгөндөй, кыз төрөлгөндө да сүйүнүшүп, «кырк жылкылуу болдуң» деп сүйүнчү айтышкан. Туну кыз болуп калса, «акылдуу аял биринчисин кыз төрөйт, өзүнө жардамчы кылып» деп жылуу мамиле жасашкан. Кош бойлуу аялдын төркүнү бала боюнда болору менен эле жентекке деп карынга май куюп, жүгөрү тарттырып талкан камдай баштайт. Эң негизгиси, «мышык туйбай, ит туйбай» аман-эсен көз жарып алса болду деп тилек кылышкан. Уул төрөгөн аялга кандай мамиле жасалса, кыз төрөгөн аялга да ошондой

мамиле жасалган. Биздин элдин тарыхында кызды өгөйлөгөн бир да мамиле болгон эмес. Ал эми «сен кыз төрөдүң, эмнеге уул эмес» деген мамиле жеке бир адамдын өзүнүн ахлактык деңгээлине жараша болот. Элдин арасында кездешип келаткан мындай көрүнүштү жалпы улутка тиешелүү деп айтуу туура эмес.

***“Кыркын чыгаруу”.*** Эмчек эмизүү боюнча токтолсок, уул баланы канча убакыт эмгизсе, кызды да ошончо эмгизген. Эмчектен чыгарганда да ушундай эле. Кызбы, уулбу айырмасы жок, наристе бир жашка чыкканда апасы эмчектен чыгарат. Айрым учурда 2-3 жашка чейин эмгизген учурлар кездешет. Наристенин туулганына туура 40 күн болгондо, кырк кашык сууга жуунтуп, кыркын чыгарат. Ушул 40 күн ичинде баланын карын чачы алынат. Түштүктө көбүнчө таене, таятасы чачын алып, энчи энчилейт. Балага да, кызга да мал энчилөө жөрөлгөсү азыр да бар. Ал эми ымыркайдын карын чачын апасы топтоп, бийик жерге бекитип коет. Кокус жерге ташталып, бирөө-жарым басып алса баланын башы ооруй турган болуп калат деп ырымдашат. Кырк күн ичинде төрөгөн аял да, ымыркай да «чилделүү» эсептелип, кошуналар, тууган-уруктар бейчеки бастырып келишпейт. Үйдүн эркеги наристе менен апасы жаткан үйгө этият мамиле жасайт. Аларды жалгыз калтырбайт, караңгы түшө электе эле жарыкты жандырып, жанында болот.

***“Кызга кырк үйдөн тыюу”*** деген принцип бар болчу. Алар кимдер деген суроо туулат. Албетте, ата-эне, айыл аксакалдары, коңшу-колоң, айыл-апа, акылман энелер эмеспи. Бой тарткан кыздын тарбиясы үчүн бүтүндөй айыл, бүтүндөй уруу жооптуу болгон. Кыз бала күйөөгө кеткиче баарынын көз алдында болгон. Анын абийирдүү барышына кам көрүшкөн. Илгери, кыз бир үйдө чоңойгондон баштап, бүтүндөй коом тарбиялачу. Кыз дагы туура кабыл алып, ким кандай насаат айтса, ага терикпей, жан дүйнөсүнө сиңирчү.

Эл ичинде ыйык түшүнүк “Эл эмне дейт?” деген көкүрөктөгү тынчсыздануу көп кыздарды, балдарды жаман жолдон оолак кылып, жакшы туура жолго жетелеген.

Кызга карата тыюулар: Кыздын тарбиясынын жооптуулугу артыкча болгон. Анын башкага бүлө болуп кетиши дайыма көңүлгө тутулган. Начар тарбия алган кыз күйөөгө барса ата-энесин гана эмес, бүт айылын, уруусун сөзгө калтырган. Андыктан кыздын кылык-жоругун, баскан-турганын үй-бүлөсүндөгүлөрдөн сырткары тууган-уругу да тескеген. “Кызга кырк үйдөн тыюу” деген макал ошол себептүү чыккан [3].

Кыз бала төрөлгөн күндөн баштап анын коомдогу ордун, укугун жана милдетин билдирген тарбиялоонун атайын иштелген системасына түшкөн. «Кыздын кырк чачы улуу», «Кызга кырк үйдөн тыюу» макалдарынын мааниси айтып тургандай, кыз балага карата сый, аяр мамиле анын кыркка бөлүп өргөн беш көкүл чачына гана карата айтылбайт. Анын чоңоюп бой тартканда, башка бирөөгө бүлө болуп, эл болуп кетип калышы, ата-эне, тууган-урук алдында анын аманат, убактылуу жашап турушу, бир чети, анын жакындары тарабынан аёону, боор ооруну жараткан. Ошол эле учурда аны тарбиялоого карата олуттуу мамиле кырк үйдөн айтылган тыюу менен өлчөнөт. Кыз барган жеринде ата-энесин, тууган-уругун уят кылбаш керек. Атасынын төрүндө отурган кыз «Жакшы кыз – жакадагы кундуз», «Гүл өссө – жердин көркү, кыз өссө – элдин көркү», «Ашыккан кыз эрге жетпейт, эрге жетсе, этеги жерге жетпейт», «Кыздуу үйдө кыл жатпайт», “Кыз кылыгы менен жакшы, ийне учугу менен жакшы», «Калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт», «Кыз баласы кызыктырат», «Кыздын сулуу болушу кудайдан, улуу болушу өзүнөн» сыяктуу эзелтен мыйзамга айланып калган эрежелерди сакташы керек. Мунун баары кыз баланы адептүүлүккө, тазалыкка гана тарбиялоо болбостон, анын жакшы жерге барып, орун-очок алып, болочок үй-бүлөсүндө бактылуу жашашы үчүн алдын ала көрүлгөн камкордук болуп саналат. Кызды бөпөлөп, ошол эле учурда эмгекчил, турмушка бүйрө кылып багып тарбиялоо, анан аны жакшы жерге узатуу ата-эненин гана эмес, бүтүндөй тууган-уруктун, уруунун, айылдын, элдин милдети болгон. Кыз баланын бой жетүүсү ушулардын көз алдында өткөн. Мындай көздөрдүн көптүгү кыз баланы адептүү, ыймандуу болууга

милдеттендирген. Дагы бир өзгөчө белгилей кетчү нерсе – кыз баланын асыл, жакшы сапаттары анын, ириде, эмгекчилдиги, турмушка бүйрөлүгү менен ченелген [2].

Кыргыздар ***“Кыздын кырк чачы улуу»*** деп кыздарды сыйлап өзгөчө мамиле жасашкан, үйгө көрк берген гүлдөй тутуп аны назик асырап алышкан. Кыз өзүнүн үйүндө мейман деп саналгандыктан, бир эле өзүнүн үй-бүлөсүнө эмес, туугандарына, кошуналарына, бир көчөдө жашагандарга тегиз, түз, калыс, жылуу мамиле жасап, аларды сыйлап, ыйбаа кылып, улууларга адептүүлүгүн көрсөтүп, кичүүлөрүнө үлгү болуп өскөн.

*«Кыздын кырк чачы улуу»,* макалдын мааниси айтып тургандай, кыз балага карата сый, аяр мамиле анын кыркка бөлүп өргөн беш көкүл чачына гана карата айтылбайт. Анын чоңоюп бой тартканда, башка бирөөгө бүлө болуп, эл болуп кетип калышы, ата-эне, тууган-урук алдында анын аманат, убактылуу жашап турушу, бир чети, анын жакындары тарабынан аёону, боор ооруусу жараткан. Ошол эле учурда аны тарбиялоого карата олуттуу мамиле кырк үйдөн айтылган тыюу менен өлчөнөт. Кыз барган жеринде ата-энесин, тууган-уругун уят кылбаш керек. Экинчи нерсе – күйөөгө чыга элек кыздар чачын майдалап өрүп жүрүшкөн. Кыз бала өзүнүн кийген кийими, өргөн чачы менен келиндерден айырмаланган.

***"Кызды тарбиялоо ─кылымдык иш", - дешчү.***

Кыргыздын кыздары тебетей кийип жүрүшчү. Тебетей─төбөсүнө каркыранын, үкүнүн канаты сайылган баш кийим. Түтүндүн элесин билдирет. Чачын кырк өрүп, төбөсүнө түндүктү көтөрүп жүргөн кыз ─очоктун ээси, ыйык кыргызыбыздын ээси. Кырк өрүлгөн чачы боз үйлүү, небере, чөбөрөлүү бол дегендеги тилек. Ал ─ ууктардын символу. Ук канчалык кенен болсо, кыргыз элибиз ошончолук кенен...

Кыргыздар эркектердин гана баш кийимине маани бербестен, аялдардыкына да ашыкча көңүл бурушкан. Илгери кыргыздар кыз баланын эки же үч жашынан баштап, төбө чачын «Айдар чач» деп коюшуп, улам жыл өткөн сайын, ага чач кошуп өрүп турушкан. Беш жашында саамай чачтарын өрө башташкан да, ал курагын «секелек» деп аташкан. Жашы чоңоюп, чачы өскөн сайын, тал-талдап өрүшүп, саамай чачы беш өрүмгө жеткенде, «беш көкүл» деп аташып, мына ошондон тартып, аны өзүнүн камылгасын көрүүгө даярдап, «сеп камын» көрүүгө киргизишкен.

***“Жакшы кыз – жакадагы кундуз”*** деп, жакшы чыкса кызы менен сыймыктанышкан. Мында кыз баланын тазалыгы жана кулпунган сулуу көркү кундузга салыштырылып бааланат, жака ал адамдын эң көрүнүктүү жери болуп эсептелген. «Тыттан жибек чыгат, кыздан зирек чыгат» дегендей, ар бир үй-бүлөдө зирек, акылдуу, зээндүү кыздарды тарбиялап чоңойтуу да ата-эненин, коомдун милдети болгон.

***“Кыздуу үйдө кыл жатпайт”*** деген макал оздон оозго айтылып калганы бекеринен эмес чыгар. Айрыкча, кыз балдарды тазалыкка көндүрүү, камкор, тыкан, жыйнактуу болууга тарбиялашкан. Тазалыкка, уздукка үйрөтүшкөн. Өзүнүн гигиенасына көңүл бөлүүнү калыпка салып көндүрүшчү. Муну үйрөтүүчү биринчи энеси, кыз баланын өзүнүн жашына ылайыктуу кийимдерди алып берип, кийимдин кымбатына карабай, өңүнө жашына карап жарашыктуу кийгизүү керек.

Кыздар эрте жетилип, сезимтал, чыйрак жана ар нерсеге дилгир болуп турмушка болгон көз карашы эрте артылат эмеспи. Ошондуктан аларды кичине кезинен тарта алына жараша жасай ала турган үй-тиричилигине тиешелүү иштерди карматып, казан-аякка, үйдү жыйнап тазалаганга үйрөтүү керек.

Кыз балага тамак жасаганды, кир жууганды, уз-чеберчилик иштерин, башка жумуштарды жасаганга акырындап үйрөтө берсе, ал кыз кийинки турмушуна даяр болот да, учуру келгенде көп кыйналбайт.

Кызды жаштайынан үй тиричилигине үйрөтүп, адептүүлүккө, тыкандыкка, тазалыкка тарбиялаган. Күн чыкканга чейин уктаган адамдын ырыскысы кем болот деп, кызды эрте тургузуп үйрөткөн.

Таӊ жылдызы бар маалда ырыскыңды тилеп кал деген. Таң саардан короону шыпырса, “жүзүң мендей таза болсун” деп шыпырылган жер батасын берет экен. Кечинде үй шыпырбайт, жин – шайтан уялап албаш үчүн шыпырындыны үйгө түнөтпөйт. Казанга салып идиш-аяк жуубаган, аларды калдыр-шалдыр добушу жок жууп, идиш-аяк кагышса, үйдөн ырыскы качат деп үйрөткөн. Казанды жууган соң жугундуну казан менен төкпөйт, антсе ырыскыны казаны менен төгүп салганга барабар болот экен. Кыз бала оокат жасап жатып тамагын утуру сузуп жеп турса казандын түбү тешилгиче турмушка чыкпайт деп зекиген. Тамак жасап жатып аралаштырган соң, кепкирди казанга какпа, казанды какса ырыскы качат. Казанга чөмүч менен кепкирди чогуу салып койбо, күндөштүү болуп каласын деген. Түнү идиштерди жуубай калтыруу болбойт. Себеби жин-шайтандар үйгө конот деген ишеним бар. Кыз бала кара кийим кийбеген, чачын жайып жүрбөгөн, булар аза күтүүнүн белгиси катары каралган. Кыз кезинде кашын терсе атасына берген ашы арам болот, ал эми турмушка чыккандан кийин кийин терсе, күйөөсүнө берген ашы арам болот деп коюшкан. Кашына осмо койгондо, ортосун сөзсүз бириктирип коюу керек, антсе ата-энесинин өмүрү узун болот экен. Кыз бала эркек кишиге тике карабайт, бирөөнүн көзүнчө керилип-чоюлбайт, керилгени эрге тийгиси келгендигинин белгиси деп тыйган. Эркек адамдын алдынан өтпөйт, эркектин жолу буулуп калат, кыз киши эркек баланы теппейт деген тыюулар бузулбай сакталган. Уул баланын кийимин, ошондой эле күйөөсү бар келиндин кийимин да кыздар кийбеген. Кыздын отуруп-турганы, тамак ичкени, мейманга чай сунганы, бирөөлөр менен саламдашканы, сүйлөгөнү, күлгөнү баары көзөмөлдө болгон. Мындай көзөмөл кыздын адептүү өсүшүнө, жакшы жар, эне болушуна көрүлгөн камкордук катары гана каралган [1].

**«Кыз – конок».** Ал − бирөөнүн бүлөсү. Жеринен кыз балага эне-ата, ага-тууган асемдүү мамиле кыла турган. Анын эли-жери бөлөк. Ошол үчүн кийбегенди кийгизет, ичпегенди ичирет. Илгери жоргону аш-тойдо, көчкөндө кыз балага мингизип, төркүнү кыз балага ыроолочу. Үлпүлдөтө багылчу. Бой тартканы отун-суу алдырбай, тезек тердирбей, куурай башын сындырбай, жел тийгизбечү. Барган жеринде барктуу-нарктуу болушу үчүн үйдөн узчулукту үйрөтчү, өз себин өзү камдачу. Эне таалим-тарбиясында бардык жүрүмдөрү туура жолго багытталып, анан бойго жеткенде, жуучу түшкөндө, же кудалашкан жерине шаан-шөкөт менен аткарылат. Сыйлап калалы, ыйлап жөнөтпөйлүдешкен.

Акыркы жылдары кыздарыбыз башка өлкөгө турмушка чыгып кетип жаткандар көп. Алар атуулдук-патриоттук каармандыгын билбесе, өз калкынын тарыхына чоочун болсо, ага кан-жаны, жан дүйнөсү жуурулушпаса, албетте, чет элдиктердин сөзү, үрп-адаты жакшы көрүнөт. Мындай кыздардын эл-журтунун тарыхы менен сыймыктануу сезими болбойт.

Кыргыз кыздар арасында башка өлкөгө кетиши (мигранттардын) саны жыл сайын өсүүдө. Миграциянын негизги себеби, биринчиден, экономикалык кризис, жумушсуздук, кыздардын материалдык кызыкчылыгы, нике агенттеринин пропагандасы, ата-энелердин акылман насыяттарын осуят катары кыздарынын жүрөк-жүлүнүнө жете тургандай тарбия жетишсиз болуп жаткандыгы. Рухуна сиңбей, Ата-Мекен жөнүндө ойлонуу, толгонуу күйүп-бышуу патриоттук сезими жок болуп жатканында. Класс жетекчилердин да патриоттук ар-намыс сыяктуу түшүнүктөр класста көп өткөрүлбөгөндүгүндө.

Өткөн кылымдын 70-жылдарында кыргыз кызы чет мамлекеттик жигитке чыгуу өтө сейрек кездешчү, анда-санда эле болчу. Ал убактагы энелердин кайраты кыздарын тизгиндеп турчу.

Азырчы, чет өлкөгө кыздар турмушка чыгуу модага айланып баратат. Биздин кыргыздын жигиттери ошол чет мамлекеттик жигиттердей болбой калганбы деп дагы ойлонуп кетесиң. Же өз улутун сүйүү, нарктуу тарбия жетишиксиз болуп турабы. Союз жашоосунан Батыштын жашоо деңгээли алда канча жогору деп азыркы жаштар баса белгилешип, кызыгуусу да ошондон артып жатат окшойт. 90-жылдан баштап чек аралар

ачылды. Эл аралык нике агенттери пайда болду. Интернет аркылуу чет өлкөлүк жигит менен таанышуу азыр ар бир компьютерди билген кыздын колунан келип калды. Азыр кыргыз кызынын чет өлкөгө турмушка чыкканы жаңылык болбой калды.

Ошого биздин Ата-журтубуздун уул-кыздары элдик тарбиянын аркасында өзүнүн ушул жарык дүйнөдө тили чыгып, адам болуп, өсүп-өнүп жашап жаткандыгы үчүн бир боор эл-жерине, ата-бабаларына милдеттүү экендигин, өз элинин тарыхы менен киндиги туташ экендигин, ушул ак калпак кыргыздын татыктуу уландысы экендигин билип жүрүшү керек. Өзгөчө, кыздарыбызды патриоттукка, эл-жерин сүйүгө үйрөтүш керек.

Ошондой эле, ***«Энесин көрүп кызын ал»*** дешип, үй-бүлө курарда да кылдаттык менен, тарбиясына, тегине, энесине өзгөчө маани беришкен. Көрсө, «Энеси жаман эгерим оңолбойт, атасы жаман анда-санда оңолот» дегендей, эненин таасири күч тура! Ошондуктан тукумунан сырттандар, бычакка сап уулдар, абийир туткан кыздар чыксын деп, кээ бир акылмандар уулдарына болочок жубай кылуу үчүн сынчыларга кыздарды сындатчу турбайбы. Ага биздин тарых далил. Элибизде ар дайым аял затын урматтап, сый көрсөтүп келишкен. Анткени, «Аял - үйдүн куту» деп эсептелинип, бир үйдүн шам чырагы катары саналчу. "Энесин көрүп, кызын ал" – деп, кызды энесине карай баа беришкен.

Кызынын келечеги, жакшы тагдыры, бактысы үчүн эне өзүн-өзү тарбиялаган. Эне: «Кызым чоңоюп келатат, эшигиме бирөө келгидей болсун», – деген. Эненин коомдогу орду, абийири, кадыры, дегеле, абалы анын кызынын тагдырын чечүүдө бирден-бир негиз болгон. Кызы эстүү чыкса, коомчулук, оболу, энесин мактаган, акылсыз болсо, энесине сөз тийген.

Ошол эле учурда атанын абалы да кыз үчүн маанилүү болгон. «Мата даңкы менен бөз өтөт, ата даңкы менен кыз өтөт». Демек, атасы коомдо атак-даңкы бар, кадырлуу инсан болсо, ал кызынын тагдырына түздөн-түз таасир берген, тескерисинче болсо, залакасын тийгизген.

**"Эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал**" дегендей, энеси кызына кандай тарбия берсе, кызы ошондой болуп чоңоет.

Ар бир үйгө кирип келе жаткан адам эшигинен эле баамдап байкайт. Үйдүн тазалыгын, ар бир буюмунун өз ордунда тыкан тургандыгын.

Демек, кызынын ички мүнөзү, көз карашы, адамкерчилиги, эмгекчилдиги, чыдамдуулугу, адептүүлүгү, намыскөйлүгү – баары энесин тартат.

Ал эми энесин көрүп кызын ал дегени, укум-тукум улаган, жан жараткан аялзаты – дүйнөнүн туткасы эмеспи. Эне – бул өзүнүн нукура турпатында, акыл-сезиминде адамзат үчүн дайыма ыйык жана бийик болгон бир туугандыктын, достуктун жана ынтымактын анык жарчысы, бузулбас көпүрөсү. Эгерде үй-бүлөсүндө сүйүктүү мээримдүү эне, жароокер жар болсо кызы дагы мээрман жүрөк, аялзатынын акылманы жана даанышман, бийик адамгерчилиги менен чоңоет [5].

Меймандостукту туюндурган, жана салттуулукту шартташтырган бул накылда негизги сөздүн мазмуну эненин кызга күндөлүк таалим-тарбиясына барып такалат. Кыз бала – эртели кечтир башканын бүлөсү. Жеринен көп акыл-сөз угуп жүргөн кыз кор болбойт. Орун-очок алышы баарынан зарылчылык. Эне өзү да дал ушундай турмуштук тийиштүү жолдорун басып өткөн. Аны кызына мурастайт. Жакшы үй-бүлө кирип-чыккандарга өзүнчө жылуу сезимди берет. Маданияттуулукка үндөйт. Өзүнчө тартылуу күчкө ээ кылат. Суктануу пайда болот да, мындайлар менен куда-сөөк болгулары келишет.

Демек, кыздын бактылуу болушуна, кийинки турмушка ыймандуу, эмгекчил, акыл-эстүү бүлө даярдап берүүгө эне милдеттүү. Туура тарбия, туура кеңешти кыз балага аба-суудай бериш керек.

Ошондон улам кыргызда кыздар жөнүндө көптөгөн ушундай макалдар келип чыккан. Кыз баланы турмушка чыкканга чейин көздүн карегиндей карап, сыйлашкан жана андан көптү талап кылып, таанып-таанызбагандар да акыл айтып, баскан-турганынын баарын

байкап, илбериңки, ийги, иш билги болууга үндөп, ыймандуулукка тарбиялап, кыз намысын бийик койгон. Бой жеткен кызды абийири менен өз жарына аманат кылып, «Эти биздики, сөөгү сиздики»деп турмушка берген. Кыз барган жерине «таштай катып, суудай сиңип» жашап калышы керек. «Келин келгенде кут алып келет, же жут алып келет» деген макалда айтылгандай, кыз бала барган жерине акжолтой болушу керек. «Жакшы болсо аялың, табыла берет акылың, куусаң кетпейт жакының, жаман болсо алганың, жаныңа келбейт жакының» деп, бекеринен айтылган эмес. «Жакшы келин - жакаңды кирдетпейт, жарын жамандап, ата-энесине тилдетпейт» дегендей, өзүлөрү дагы сөзгө илинбей, ата-энесин дагы жер каратпай, даттанбай, жаркыраган күндөй болушат [1].

**“Кыз кезекте баары жакшы, жаман катын кайдан чыгат”.** Кыз баланы кичинесинен эмгекке, адеп-ахлакка үйрөтүш керек. Үйрөтүлбөгөн кыздын жаманы жашырылып, жакшысы ашырылып, ата-энеси жаманын чыгарбай, жашай берген. Натыйжада, келин болгондон кийин жаман кылыктары чыгып калат.

Илгери кыздардын өз орду бар эле. Ал убакта кыздар табиятынан назик окшобойбу. Тамак ичкенде акырын, үнүн дагы чыгарбастан ичишчү. Көчөдө болобу, же бир көпчүлүктүн арасындабы, айтор акырын күлүп, акырын сүйлөшүшчү. Себеби катуу күлүү, элдин арасында жагымсыз көрүнөт деп тартынышчу окшойт го.

Ошондуктан кыз баланын тарбиясына эне жана эненин гана ролу чоң. Ал кызын боорукерликке, тазалыкка, адептүүлүккө, мээримдүүлүккө кичинесинен үйрөтүп, кызы менен сырдашып, анын ички дүйнөсүн, калоосун билип, сезип туруш керек [4].

Биздин элде кызы чоңоюп келаткан үй-бүлөдө аны тарбиялоонун, ошол эле учурда аны коргоонун бекем адеп-ыймандык тутумдарын билишкен.

Кыздарга ырыскыны таанып аны сактаганды, сарамжалдуу болгонду, жоктукка, оордукка чыдамдуу болгонду, эркекти сыйлап, ага баш ийгенди, улууларга ийкемдүү болгонду, кечиримдүүлүктү, намыскөйлүктү башынан эле үйрөтүү сөзсүз керек.

Кичинесинен энесинен тилин албаган кыз, чоңойгондо кайненесинин тилин алабы? Үйүндө атасынан уялбаган кыз башка үй-бүлө болуп барганда кайнатасынан уялабы? Албетте, жок.

Акыркы жылдары өспүрүм кыздар косметикага эрте кызыгып калышты. Биринчиден, эрте боёнгон – зыян. Өспүрүм кыздарда табигат тартуулаган жакшынакай жаштыктын сулуулугу, назиктиги бар эмеспи. Сулуулук деген сырткы келбетте эмес. Сулуу кыз ийкемдүүлүгү менен, жайдары мүнөзү менен, ыймандуулугу менен, боорукерлиги менен, чынчылдыгы, уяңдыгы, эмгекчилдиги, тазалыгы менен сулуу.

***“Жакшы аял жаман эрди орто кылат, орто эрди баш кылат”, “Аял жакшы – эр жакшы, обозгер жакшы – хан жакшы”*** –деп аял жакшысын аздектеген. «Үйдү кырк эркек толтура албайт, бир аял толтурат», «Үйдүн көркү аялда», «Биринчи байлык – ден соолук, экинчи байлык – ак жоолук». Бул макал-ылакаптардын негизги мааниси – аялзатынын үй-бүлөдөгү ролу бийик экенин көрсөтүү, үй-бүлөнү сактоо, турмушка тутка болуу, кыйынчылыкка чыдоо – аялзатына тагылган милдет. Аялдын үйдөгү толгон-токой түйшүгүн, үй-бүлөнү жашоо баалуулугуна айлантуусу, перзент дегенде ак этбенден так эткенин, күйөөсүн, кайын журтун сыйлаган адебин бекеринен элдик ойлордо бакытка, байлыкка, алтынга теңебесе керек. “Аял үйдүн куту” деген макалда терең маани бар. Кыргыз аялдары илгертен эркин. Бабаларыбыз кызга өзгөчө маани берип, "Кыргыз кызын сыйлайт" деген улуу салт бар тура, көрсө. Ошондо да Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза өңдөнгөн баатыр кыздар, ошондой эле Каныкей, Айчүрөк, Зулайка, Айганыш сыяктуу арууluktун, асылзаадалыктын үлгүлөрү жомокко айланган чыгар. Ошого жараша кыздарга да өзгөчө талап коюлуп, Аялзатынын аялуу асылдуулугун аздектешкен. Кыздар да адебин сактап, өз баасын бийик кармашкан эле деп, тамшанып калат улуулар...

Жыйынтыктап айтканда, кыздарыбызды мекенчил кылып тарбиялашыбыз керек. Баарынан мурда, адамча жашоону, чыныгы өз мекенинде адам болууну үйрөтөлү. Эл-жерибизди чын жүрөктөн, кан-жаныбыз менен сүйөлү. Ошондуктан өзүбүздүн улуттук каада-салтыбызды ыйык тутуп, көзүбүздүн карегиндей сактап, улуттук сезимибизди, ар-намысыбызды ойготолу.

**Адабияттар:**

1. Акматалиев, А. Баба салты, эне адеби: элдик салт [Текст] / А.Акматалиев. – Б.: Баласагын, 1993. – 3 б.
2. Ахматалиев А. Каада-салт, үрп-адат, адамдын оң-терс сапаттары. -Бишкек 2002.
3. Акматалиев, А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү [Текст] /А.Акматалиев. – Б.: Шам, 2000. – 348 б.
4. Альбина В. И. Воспитание девочек. – М., 2011.
5. Смадиярова З.А. Кыргызстан аялдарынын педагогика илиминдеги орду жана келечеги.